КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКТЕГИ XIV СЕССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ОЧЕРЕДНАЯ XIV СЕССИЯ XVIII
СОЗЫВА

# ТОКТОМ

2022-жылдын 20-сентябрь № 38 Тамга айылы

## «Иштерман ТТ» муниципалдык ишканасына долбоор аркылуу мөмө-жемиш кургатуучу цех уюштуруу жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 20-октябрындагы **«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө»** № 123-Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, Тосор айылынын тургундарынын талабынын негизинде, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XIV сессиясы **токтом кылат:**

1. Тамга айылдык аймагынын тургундарынын талабынын негизинде айыл калкынын жашоо деңгээлин жогорулатуу, инфраструктурасын жакшыртуу, айыл аймагындагы жана район деңгээлиндеги айылдардын өндүргөн мөмө-жемиштерин кайра иштетип, жумуш орундарын камсыз кылуу менен карапайым калктын суроо талабын канааттандыруу максатында, «Иштерман ТТ» муниципалдык ишканасына как кургатуучу цех ачууга уруксат берилсин жана айыл өкмөттүн жергиликтүү бюджетинен өздүк салым 270 000 (эки жүз жетимиш миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Акча каражатын мыйзам чегинде бөлүп берүү жагы Тамга айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин пландоо, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

Төрага А.А.Букаров